## Чоң атамдын бакчасы

Сөзү: Миргүл Наралиева

Обону: Мурзали Жээнбаев

Кайырма:
Жер жемиши гүлдөгөн,
Чоң атамдын багы бар.
Жашылчаны жайнаткан,
Бакчасында баары бар

Анар, жүзүм, алчалар,
Күн карама, алмурут.
Чычырканак, шабдалы,
Дарбыз, коон, кара өрүк.

Чамгыр, алма, картөшкө,
Түрп, ашкабак, капуста,
Сабиз, өрүк, бий алма,
Пияз, курма, кызылча.

Кайырма:
Жер жемиши гүлдөгөн,
Чоң атамдын багы бар.
Жашылчаны жайнаткан,
Бакчасында баары бар

Помидорлор, бадыраң,
Бүлдүркөн, маш буурчак.
Шалгам, бөрү карагат,

Ашкөк, жаңгак, сарымсак.

Карагаттар, кулпунай,
Дан куурай же кожогат.
Калемпирлер, баклажан,
Ит мурундар, барсылдак.

Кайырма:
Жер жемиши гүлдөгөн,
Чоң атамдын багы бар.
Жашылчаны жайнаткан,
Бакчасында баары бар

Лимон, банан, мандарин,
Витаминге бай делет.
Башка балдар жесин – деп,
Тропикадан ал келет.

Кайырма:
Жер жемиши гүлдөгөн,
Чоң атамдын багы бар.
Жашылчаны жайнаткан,
Бакчасында баары бар